


## Ой кокуй, кызым каякта?

*10-февралда Таиланддагы эс алуудан кайткан Жухунбаевдердин үй-бүлөсү 7 жаштагы кызы Алинаны Казакстандагы Эл аралык Алматы аэропортунда унутуп таштап кетишкен. Арадан 3 саат өткөндөн кийин милиция кызматкерлеринен телефон аркылуу кызын аэропортто калганын билишкен. Кызын жоготуп, кайра аман-эсен колуна алышкан ата-эненин окуясына күбө бололу.* >>>




## Улуттук аспап: Жетиген

*Жетиген – Орто Азия элдерине таандык, жыгачтан жасалган тизеге коюлуп бармак менен чалынган музыкалык аспап. Өткөн кылымдарда эл арасында абдан белгилүү болгон бул аспаптын азыркы учурда атын уккандар да аз. Убакыттын өтүшү менен унутула баштаган жетигендин тарыхы жана анын түрк элдери үчүн мааниси тууралуу Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин көркөм өнөр факультетинин музыкалык искусство бөлүмүнүн доценти, доктор Жусуп Айсаев менен баарлаштык.* >>>




## Ар кандай тагдырлар жолуккан жер: Баш калкалоочу жайлар

*Кай бири өмүрлүк жубайынан айрылып, жалгыз калган, кай биринин балдары таштап кеткен, айрымдары жаман адатынын айынан үйүнөн куулган… Айтор, бул жайга аларды кейиштүү тагдыр айдан келген. Бул жай – Бишкек шаарындагы үй-жайсыз калган адамдарга башпаанек болгон «Коломто» кайрымдуулук фонду.* >>>


# ГЕЗИТИ Манас

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ | МАРТ 2019 / САНЫ: 71 | www.manas.edu.kg





# Жаңылануунун жарчысы - **Нооруз майрам кут болсун!**

*Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде «Нооруз - 2019» майрамдык салтанаты 21-март күнү өзгөчө шаң менен өттү. Түрк дүйнөсүнүн жаштары күн бою кампуста салттуу спорт оюндарын ойноп, бийлерин көрсөтүштү, бак эгишип, өзүлөрүнүн маданияттарын таанытышып, өз тилдеринде саламдашып, ырдашып, Нооруз майрамына келген коноктorго өзгөчө маанай тартуулашты.*

**Эстен чыккыс ырлары: Аксуубай Атабаев** >>> 10

9 >>> **Жаш ырчы Сырга Сагынбаева**





# Жаңылануунун жарчысы - Нооруз майрам кут болсун!

*Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде «Нооруз - 2019» майрамдык салтанаты 21-март күнү өзгөчө шаң менен өттү. Түрк дүйнөсүнүн жаштары күн бою кампуста салттуу спорт оюндарын ойноп, бийлерин көрсөтүштү, бак эгишип, өзүлөрүнүн маданияттарын таанытышып, өз тилдеринде саламдашып, ырдашып, Нооруз майрамына келген коноктorго өзгөчө маанай тартуулашты.*

Майрамдык салтанат Чыңгыз Айтматов атындагы кампусунун Касым Тыныстанов жыйын залында уюштурулду. Анда КТМУ ректору проф. докт. Себахаттин Балжы, проректору проф., докт. Асылбек Кулмырзаев, Түндүк Кипр Түрк Республикасынын Бишкектеги өкүлү Атынч Кескин, университеттин жетекчилери, КТМУнун жалпы жамааты, студенттер жана алардын үй-бүлөлөрү, медиа өкүлдөрү катышышты.

Коммуникация факультетинин радио-теле жана киноискусство бөлүмүнүн башчысы Молдосейит Мамбетакуновдун уюштуруусунда өткөн салтанаттуу программа ректор жана проректордун куттуктоо сөздөрү, Умай Эненин Нооруз дубасы жана студенттердин сүмөлөк бышыруусу менен башталды.



### Нооруз «Манас» үй-бүлөсүнө бакыт алып келсин!

Майрамдык куттуктоо сөзүндө окуу жайдын ректору, профессор Себахаттин Балжы жаңырган жыл жакшылыктын, токчулуктун, молчулуктун жылы болсун деген тилегин айтты: «Түрк элинин улуу майрамы болгон Нооруз майрамы менен баарыңыздарды куттуктайм. Жаратылыштын жаңылануусун жана табияттын жандануусун жар салган Нооруз майрамы босогобузда турат. Нооруз – перс тилинен келген жана жаңы күндүн башталышы, ал жаңы күн дайыма жашоого болгон асыл тилектер менен, келечекке болгон жаркын үмүттөр менен башталган. Азыр күн ысыды, жер жанданды, бак-дарактар бүрдөдө, мунун баары жаңы бакыттын жарчылары. Нооруз берекенин, өз ара түшүнүүнүн, терең ишенимдин, үзүлбөс үмүттүн учугун улаган улуу майрам деп саналбайт. Ошондуктан бүгүн бири-бирибизди кечирип, жаман иштерди унутуп, тазаланып, жакшы жашоого умтулушубуз керек. Түрк дүйнөсүндө жана куттуу «Манас» университетибизде ар дайым биримдик, ынтымак болсун! Бул улуу күнү үйүңүзгө кут конуп, ишиңиздерди ийгиликтер жылоолоп, элибизге ынтымак-ырашкерлик, токчулук, молчулук, үй-бүлөңүздөргө бакыт-таалай алып келсин!».

### Нооруз – жаңылануунун майрамы

Биринчи проректор, профессор Асылбек Кулмырзаев: «Бүткүл түрк тилдүү элдерине ата-бабалардан мурас болуп калган улуу Нооруз майрамы кут болсун! Нооруз - арuuлуктун, жаңылануунун, тилек кылуу жана тазалыктын майрамы. Ноорyздун келиши менен табият ойгонуп, түн менен күн теңешип, адамдарга жаңы дем жана үмүт берет. Ошондой эле Нооруз - биримдиктин майрамы, өлкөбүздүн көп улуттуу элин ынтымакка жана ыйманга чакырып, элдердин достугун даңазалайт. Бир жыл мурун да бул майрамды куттуу университетибизде жалпы жамаатыбыз менен жакшы тилектерди тилеп бирге тосконбуз. Ушул кубанычтуу майрам үйүңүздөргө кут, ырыскы-береке, ак элечектүү апаларыбыз жана ак сакалдуу аталарыбызга кадыр-барк, жаштарыбызга ыйман жана бүтүндөй түрк дүйнөсүнө тынчтык алып келсин!» деген каалоо-тилегин айтты. Куттуктоо сөздөрүнөн кийин көк майсан көтөрүп, бөбөктөр агайларга тартуу беришти. Андан соң Ноорузга арналган элдик ырлар, бийлер жана кыргыз элинин улуттук каада-салтын камтыган майрамдык концерт кеченин көркүн ачты. Программанын соңунда коноктор майрамдык сүмөлөктөн даам сызышты.

Ошондой эле иш-чара Түрк дүйнөсүнүн ар түрдүү өкүлдөрүнөн турган студенттердин концерти менен коштолуп, мамлекеттик гимндин жаңырыгында жабылды.

**КАБАР: МЕДИА МАНАС**
**ФОТО: ӨМЕР КҮФРЕВИ**

# Чанаккале шейиттери эскерилди




***Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде Түркия Республикасынын Чанаккале жеңишинин 104 жылдыгына карата “18-Март Чанаккале шейиттери жана Улуттук гимндин автору Мехмет Акиф Эрсойду эскерүү” кечеси болуп өттү.***

2019-жылдын 18-мартында Касым Тыныстанов атындагы жыйын залында уюштурулган программага окуу жайыбыздын жетекчилиги, Түркия мамлекетинин Бишкектеги элчиси Женгиз Камил Фырат, ТРдын Кыргызстандагы жана Түндүк Кипр Түрк Республикасынын өкүлдөрү, окуу жайдын жалпы жамааты жана студенттер, басма сөз өкүлдөрү катышты.

### Тарыхта калган эң чоң деңиз аскер күчү

Чанаккале согушу азыркы Түркия мамлекетинин түзүлүшүнө чоң өбөлгө болгонун белгилеген университеттин ректору, профессор Себахаттин Балжы иш-чаранын ачылышында төмөнкүлөргө токтолду:

«Көп жылдан бери, бери дегенде, 2010-жылдан тартып, бул кадырлуу жерде эмгектенип келатам. Бул залда ошол эле мезгилден бери Чанаккале жеңиши, шейиттер күнү жана Улуттук гимнге арналган программалары өткөрүлүп келген. Мындай иш-чаралар аркылуу биз Түрк тарыхынын эң маанилүү окуяларына жана улуу жеңиштерине кайрадан сересеп салып, андап-түшүнүүгө аракет кылып, жаштарга баяндап берип келатабыз. Чанаккале менен Босфор согушу –кандуу из калтырган тарыхый окуялар. Ошол апааттагы кан-жанын аябай ата журту үчүн согушкан аскерлердин эрдиги душмандын күчтөрүн артка чегинүүгө аргасыз кылган. Деңиз флотунун аскерлери Лимнияга келип биригип, 25-апрелде Гелиболудан кайрадан согуштук аракеттерге өтүшөт. Түрк аскерлери ошондо эбегейсиз чоң сыноодон татыктуу өтүшкөн».

### Күчтүү душмандын кыйрашы – Түрк аскерлеринин баатырдыгы

Антанта мамлекеттеринин аскерлеринин артка чегингени тууралуу ректор буларга токтолду: «Алардын негизги максаты саат 5те Стамбулга жетип, кыска убакыттын ичинде Осмон Империясын басып алып, андан ары Россияга жардам берүүнү көздөгөн. Ошол мезгилде оор абалда турган Падышалык Россияны куткарып, аны өздөрүнүн күчтүү союздашына айлантып, I Дүйнөлүк согушта жеңишке жетебиз деп ойлошкон. Алардын бул максаты ишке ашкан жок. Бир нерсени белгилеп кетүү керек, алар болгон күчүн аябай колдонушту. Душманды коркок, алсыз деп айтууга болбойт. Албетте, алар кан-жанын аябай болгон күч-кайраты менен салгылашышты. Бирок кайраттуу түрк аскерлерин жеңе алышкан жок. Алардын шору ошондо... Балким, алар бизге эмес, башка элге кол салганда, жеңишке жетишмек. Ошондо түрк аскерлеринин баатырдыгы, эрдиги душмандын күчүн майтарып, кабыргасын кайыштырып, кыйроого учураткан. Албетте, немис аскерлери да фронтто согушушкан, бирок алардын саны аз болгон. Чанакаледеги немистердин саны миңге жеткен эмес. Жыйынтыгы кандай болду? Мамлекетибизди басып ала алышкан жок. Жүз жылдан ашуун мезгилдер бою муң-зарга баткан улуу түрк эли башын бийик кармап, жаркын келечегине карай бет алды.

### Жаштар ата-бабалардын жолун көздөшү керек

Окуу жайдын биринчи проректору, профессор Асылбек Кулмырзаев: “Чанаккале жеңиши түрк тарыхында эле эмес, дүйнөлүк тарыхта маанилүү орунду ээлейт. Чанаккале согушу Түркиянын Чанаккале деген жеринде болгону менен, бүтүндөй түрк элдерине тарыхый таасирин тийгизген. Бүгүн дүйнө жүзүндө 200дөн ашуун мамлекет бар. Булардын ичинде Түрк элдеринин, мамлекеттердин желбиреген желектердин бар болгону бизге чейинки жашаган муундардын, биздин ата-бабаларыбыздын эмгеги. Ата-бабаларыбыздын баатырлыгы бизге өз тилибиз, маданиятыбыз жана салттарыбыз менен жашаганга мүмкүнчүлүк беришти. Чанаккале согушу түрк элинин эгемендикке, көз карандысыздыкка умтулуусу болгон, бүгүн ал өз жемишин берип өз алдынча мамлекет болуп турат. Эгемендик үчүн жандалбас уруп, өз жанын аябаган эр-азаматтарга таазим этебиз. Азыркы күндө тынчтыкта жашап атабыз. Тарыхыбызда Түрк дүйнөсү чачылып турган мезгилдер болгон. Азыр, мына, тарыхый чоң мүмкүнчүлүккө, бирге болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болдук», -деди проректор.

Түрк дүйнөсүнүн биргеликте кызматташтыгын белгилеген проректор проф., докт. Асылбек Кулмырзаев: «Бүгүнкү күндө жарышуу, кастошуу жок деп ойлошубуз керек. Азыр ошондогу, Чанаккаледеги согуш, түрк элдери тарыхта баштан кечирген согуштар, бүгүнкү күндө да формасын өзгөртүп улануда. Бүгүн биз күчтүү, билимдүү болуп, маданиятыбызды өнүктүрүшүбүз зарыл. Азыркы дүйнөнүн чакырыктары, атаандаштыгы ушулар: билим, илим жана маданият. Өзгөчө жаштар өздөрүңөрдү бардык жактан өнүктүрүшүңөр керек», - деди.

### Чанаккале Жеңиши жана анын адабиятта чагылдырылышы

Программа учурунда гуманитардык факультеттин түркология бөлүмүнүн профессору Мехмет Айдын «Чанаккале Жеңиши жана анын адабиятта чагылдырылышы» аттуу презентациясын тартуулады. Түрк адабиятында, түрк адабиятчылардын архивинде Чанаккале согушунун чагылдырылышы жетиштүү эместигин баса белгилеген профессор Мехмет Айдын мындай деди: «Биринчи Дүйнөлүк Согушу учурунда болуп өткөн Чанаккале салгылашында Осмон империясынын аскерлери Ирак, Ливия, Палестина жана Балкандар сыяктуу көптөгөн фронттордо душмандарга турушту беришкен. Чанаккале согушу деңиз, жер жана аба чабуулдарында өткөн. Чанаккале Согушунда Түрк аскерлери колониалисттерди жеңип чыгышкан. Ректорубуздун айтканындай, согушта тараптар дайыма бирдей болбойт.

Чанаккале Жеңиши тууралуу алгачкы чыгармалар ыр түрүндө, андан соң башка жанрларда кеңири чагылдырыла баштаган. «Чанаккале Жеңиши тууралуу түрк адабиятынын бардык жанрларында жазылган чыгармаларды көрүүгө болот. Алгачкыларындан болуп «Чанаккале» дастаны жарык көргөн. Проза түрүндөгү чыгармалар кийинчирээк чыккан. 1920-жылы Стамбул шаарында 20-30 чакты жаш адабиятчылардан түзүлгөн топ атайын согуш болгон фронтко келип, аны өз көздөрү менен көрүп, бул салгылаш тууралуу элге көркөм баяндап берүү милдетин моюнга алышат. Ошол мезгилде көркөм сөз өнөр ээлерине болгон ишеним абдан күчтүү болгон», - деди проф., докт. М. Айдын.

Чанаккале согушунда курман болгондорго арналган программа 1 мүнөттүк эскерүү жана эки өлкөнүн улуттук гимндеринин жаңырышы менен ачылып, ТРТ Аваз тарабынан даярдалган «Чанаккале руху» аттуу тасма менен коштолду. Андан соң студенттер Чанаккале согушун чагылдырган драманы коюшту.

Эскерте кетсек, Чанаккале согушу Биринчи дүйнөлүк согуш учурундагы бирден бир чечүүчү окуя болгон. Антанта мамлекеттери Осмон империясы жайгашкан кең жерге көз артып, аны басып алууну көздөшкөн. 1915-жылдын 3-ноябрында Франция жана Англиянын деңиз флоту Чанаккале кысыгын камтыган регионго кол салышкан. Бул согушта, 1915-жылдын 18-мартында, түрк аскерлери тарабынан алар чоң жоготуу менен мизи кайтарылган. Бул кандуу салгылашта Осмон империясынын 300 минден ашык аскери шейит болгон.

# Министрдин орун басары Мустафа Сафран КТМУну зыярат кылды

***Түркиянын Билим берүү министринин орун басары проф. докт. Мустафа Сафран жана анын делегациясы Кыргыз-Түрк "Манас" университетине зыяратка келишти.***



ТР Билим берүү министринин орун басары проф.докт. Мустафа Сафран менен бирге Жогорку билим берүү жана чет өлкөдөгү билим берүү департаментинин мүдүрү Юсуф Бүйүк, Европа биримдиги жана тышкы байланыштар мүдүрлүгүнүн башкы мүдүрү Буржу Эйисой Далкыран, Европа биримдиги жана тышкы байланыштар департаментинин төрагасы Биннур Узун, Талим тарбия уюмунун мүчөсү Топер Акбаба, ЕБ жана тышкы байланыштар мүдүрлүгүнүн билим берүү боюнча адиси Эндер Эрескижи жана университеттин жетекчилери, ошондой эле ТР Кыргызстандагы толук ыйгарымдуу элчиси Женгиз Камил Фырат жана анын жубайы Василики Фырат, Элчинин кеңешчилери, Түндүк Кипр ТР Кыргызстандагы өкүлү Атынч Кескин, ТИКАнын Бишкек программасынын координатору Али Муслу да келишти.

2019-жылдын 13-мартында КТМУнун жыйындар залында Түркия мамлекетинин Билим берүү министрлигинин жетекчилигинин өкүлдөрүнүн жана Түркиянын Бишкек шаарындагы элчиси Чыңгыз Камил Фырат, жубайы Василики Фырат, элчинин кеңешчилери, Түндүк Кипрдин Бишкек шаарындагы өкүлү Атынч Кескин, Түрк кызматташтыгы жана Координация агенствосунун TİKA жетекчилиги, Бишкек программасынын координатору Али Муслу жана университеттин жетекчилигинин катышуусунда жыйын болуп өттү.

Жыйын университеттин таанытуу фильми жана көчмөндөр оюндарынын тасмасын көрсөтүү менен ачылды. Жыйынды КТМУнун ректору, профессор Себахаттин Балжы ачып, жолугушуунун негизги максаты менен тааныштырган соң, университеттин ишмердүүлүгү тууралуу маалымат берди. Ректор академиялык жана административдик структуралар; билим берүү программалары; академиялык жамаат жана студенттердин профили; бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуу абалы; физикалык, техникалык жана технологиялык инфраструктура; илимий ийгиликтер; социалдык, маданий, санат жана спорт жаатындагы иш-чаралар; 9 жыл ичинде КТМУнун графикалык өнүгүүлөр жана Түрк дүйнөсүндө эң алдыңкы ЖОЖдордун бири катары болуп, бул багытта эл аралык маркага ээ болууга олуттуу кадамдар ташталганын айтты.

### "Манас" университети Түркиянын окуу жайларынын алдыңкы сабында турат

Делегациясынын башчысы Түркиянын Билим берүү министринин орун басары Мустафа Сафран мындай деди: "Мен бул окуу жайга бир канча жолу келдим. Ректор менен да тыгыз байланышып турамын. Билим берүү кеңешинде иштегенимден улам, бул окуу жайы менен жакын тааныштмын. Баса белгилеп кетким келген нерсе: "Манас" университети 23 жылдын ичинде жетишкен албан ийгиликтери Түркиянын бийик көрсөткүчү. Түркияда бир университеттин маданиятынын калыптанышы жок дегенде 40 жылды алат. Ал эми "Манас" университети 23 жылда эле көзгө көрүнөөрлүк жетишкендиктерге жетти. Университеттин Science Citation Index публикацияларына, Web of Scienceдагы көрсөткүчтөрүнө караганда, Түркиянын көптөгөн окуу жайларынын алдыңкы сабында турат. Бул өтө чоң сыймык. Өлкөбүздү ушундай таризде дүйнөгө таанытып атканы абдан кубандырат.

### Бул кереметти ишке ашыргандарга ыраазычылык

Проф. докт. М. Сафран: «Университеттин курулушуна салым кошкон ректор менен биргеликте бир катар профессор, окутуучулары да жакшы тааныйм. Учурдагы чоң жетишкендиктерди ишке ашырган университеттин жетекчилигине, окутуучуларына, урматтуу Себахаттин мырзага терең ыраазычылыгымды билдирем. Кыргызстанда Түркия тарабынан бир жогорку окуу жайы курулуп, Орто Азия аймагында ушундай деңгээлге жетет деп ойлодуңуз беле?.. Мындай керемет иштин жүзөгө ашырууга салым кошкон көзөмөлдөө кеңешинин мүчөлөрүнө да Түркиянын Билим берүү министрлигинин атынан терең ыраазычылык билдирем. Өнүккөн өлкөнүн бирден бир көрсөткүчү – жогорку стандарттарга ээ таасирдүү окуу жайы болууга жетишүү. Мындай жетишкендигиңер мамлекетибиз сыймыктанаар чоң аброй. Мындай ийгиликтер күжүрмөн эмгектин, карандай мандай тердин арты менен келери бышык. Ошону менен катар мыкты башкаруу болбосо, бул ийгиликтерге жетүүгө таптакыр мүмкүн эмес. Түркия Республикасы бул опол тоодой эмгегиңиздерди көрүп, баалап, болушунча өзүнүн колдоосун көрсөтүүдө".

### Кыргызстандан кандай талап келбесин, оң жагына чечип берип келатабыз

Министрдин орун басары проф.докт. М. Сафран мындай деди: «Кыргызстандан кандай гана талап келбесин, биз дароо оң жагына чечип берип келатабыз. Бардык маселелерди колубуздан келишинче чечип иштешип жатабыз. Мындан ары да ушул таризде ишибизди уланта бермекчибиз. Бул окуу жайдын дагы да ийгиликтерди багынтуусуна, жогорку деңгээлге жетип, айырмаланып туруусуна салым кошконго бардык аракетибизди жумшайбыз. Бул жерде Түркиядан келген тажрыйбалуу кадрларыбыз иштейт. Түркиядан келип, талыкпай эмгектенип жаткан жамаатка дагы бир жолу терең ыраазычылыгымды билдирем. Алла-Таала сиздерге ден-соолук берсин. Ишиңиздер ийгиликтүү уласын. Биргеликте билим берүү тармагын өнүктүрүүгө күч жумшай берели. Алдыда бизди дагы далай ийгиликтер күтүп турат деп ишенем».

### "Манас" университети – Түрк цивилизациясынын очогунда жаралды

Окуу жайдын проректору, профессор Анварбек Мокеев: « Түркия Республикасынын колдоосу менен "Манас" университетинин курулушу Кыргызстан жана жалпы кыргыз эли үчүн чоң мааниге ээ. Өз убагында Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгон учурунда Түркия алгачкылардан болуп колун сунуп, Кыргыз-Түрк "Манас" университетин биргелешип ачты. Бул абдан туура чечим болду, анткени Кыргызстан - түрк цивилизациясынын очогу жана алгачкы түрк мамлекеттеринин бешиги, тарыхый жана маданий мурастардын казынасы. Улуу Жибек жолунда жайгашкан бул аймак Огуз хандын өлкөсү деп эсептелет. Университеттин миссиясы – бул эки өлкөнүн ортосунда "алтын көпүрө" болуу. Ошол себептен «Манас» университетинин бул жерде ачылгандыгы туура чечим. Мындан кийин да окуу жайдын максатын ишке ашырууну, абройлуу университет статусун жогорулатуу принцибин карманып, эки өлкөнүн достугунун бекемделишине салым кошуп, ишибизди уланта беребиз», - деди.

Жыйын көркөм өнөр факультети тарабынан даярдалган концерттик программа жана кечки сый тамак үстүндө пикирлешүү менен соңуна чыкты.

**КАБАР: МЕДИА МАНАС**
**ФОТО: ӨМЕР КҮФРЕВИ**

# Аялдардын Эл аралык күнү белгиленди

***Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде (КТМУ) 8-март - Айымдардын Эл аралык майрамына арналган куттуктоо концерти болуп өттү.***

Бул концерт 7-мартта Касым Тыныстанов атындагы жыйын залында университеттин Башкы катчылыгы, Ден-соолук, маданият жана спорт башкармалыгы, Маданият башкармалыгы тарабынан уюштурулуп, КТМУнун ректору проф., докт. Себахаттин Балжы жана проректор проф., докт. Асылбек Кулмырзаевдин катышуусунда өткөрүлдү.

Университеттин ректору, профессор Себахаттин Балжы айымдарды Аялдардын эл аралык күнү менен куттуктады.

«Баарыңыздарды жаздын, жаңылануунун жарчысы болгон Эл аралык аялдар майрамы менен чын жүрөктөн куттуктайм! Аялдардын эл аралык күнү бүгүнкү күндө бүткүл дүйнөдө белгиленген майрам. Учурда 8-март - дүйнөлүк коомчулукта аялзатынын жана жаз майрамы катары кабыл алынып, белгиленип келет.

Аялзатынын эң кымбат, баарынан асыл, ыйык милдети-улуу табигат тартуулаган энелик милдет болгондуктан, аялдарга дүйнө жүзүндө жашаган бүткүл адамзат баш ийип, тизе бүгүп, колун бооруна алып, таазим кылууга милдеттүү.

Жарыкчылыкта эненикине теңдеш мээрим болбойт, ошондуктан Пайгамбарыбыз "Бейиш-эненин таман алдында" деп аялдардын балдары үчүн тарткан түмөн түйшүгүн белгилеп, аларды сыйлоого милдеттендирген. Ар дайым жүзүңүздөрдөн жылмаюу кетпесин, жаркын маанай, жакшылыктарды каалайм», -деди.

Андан кийин окуу жайдын биринчи проректору, профессор Асылбек Кулмырзаев аялзатысыз жашоо көрксүз экенин баса белгилеп:

«Аялзаты жөнүндө эң жакшы сөздөрдү айта берсе түгөнгүс. Аялзатынын сулуулугу бардык элдерде руханий дүйнөнүн азыгы болгон адабий, музыка жана сүрөт чыгармаларын жаратууга шык берген, эргүү берген. Элибизде дагы эң мыкты чыгармалар сиздерге, сиздердей болгон элибиздин сулууларына, балдарына мээримин төккөн энелерге арналган.

Азыркы коомдун өнүгүүсүндө аялдардын орду чоң. Өлкө жүгүн мойнуна алган мырзалар менен тең катарлаш келе жатканына мезгил күбө. Сиздер университетибиздин өнүгүп-өнүгүүсүнө эбегейсиз салым кошуп келесиздер. Ушунуңуздардан жазбай ар дайым мырзаларга дем-күч берип жүрө бериңиздер.

Жалпыңыздарды бүгүнкү майрамыңыздар менен куттуктайм жана чын ден соолук, бакубат жашоо каалайм», - деген куттуктоо сөзүн айтты.

Университет жетекчилери куттуктоо сөздөрүнөн кийин айымдарга гүл тартуулап, концерттик программаны ачып беришти. Кече көркөм өнөр факультети тарабынан даярдалган майрамдык концерт менен соңуна чыкты.



КАБАР: МЕДИА МАНАС
ФОТО: ӨМЕР КУФРЕВИ

# «Алтын көпүрө» интеллектуалдык таймаш өттү

***Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде үстүбүздөгү жылдын 1-мартында «Алтын көпүрө» аттуу интеллектуалдык таймаш болуп өттү.***

**КАБАР: МЕДИА МАНАС**
**ФОТО: ӨМЕР КҮФРЕВИ**

КТМУнун Борбордук имаратынын ичинде үч аудиторияда уюштурулган таймашка Чет тилдер жогорку мектебинин даярдоо бөлүмүндө түрк тилин үйрөнүп жаткан студенттер катышышты.

Таймашта «Түрк тили», «Түркия», «Түрк маданияты», «Түрк дүйнөсү» жана «Жалпы маданият» категорияларынан 17 суроо түзүлгөн. Ар бир тайпадан үч студент катышып, жалпысынан 41 команда оюн көрсөттү.

Таймаш тууралуу Чет тилдер жогорку мектебинин мүдүрүнүн орун басары, улук окутуучу Мухиттин Гүмүш мындай деди: «Университетте 1997-жылдан бери түрк тили үйрөтүлүп келе жатат. Бирок бул конкурс студенттер арасында биринчи жолу уюштурулуп жатат. Студенттер бир гана тил үйрөнүү менен чектелбестен, ошол элдин маданияты, тарыхы сыяктуу жалпы маалыматка ээ болуусу керек».

Таймаштын биринчи бөлүгүндө 75 упайдан жогору алган 23 команда 19-апрелде өтө турган экинчи турга жолдомо алды. Экинчи турда жети команда тандалып алынат жана финалга катышуу укугуна ээ болот. Финал 13-май күнү КТМУнун Маданият борборунда өтмөкчү.



# Экономика жана башкаруу факультетинин студентери олимпиадаларда ийгиликтерге жетишти

**КАБАР: МЕДИА МАНАС**
**ФОТО: ӨМЕР КҮФРЕВИ**

***Кыргыз-Түрк «Манас» университети (КТМУ) экономика жана башкаруу факультетинин студенттери университеттер арасындагы олимпиадаларда 2-орунга ээ болушту.***

2019-жылдын 14-мартында Насирдин Исанов атындагы Кыргыз улуттук курулуш, транспорт жана архитектура университетинде менеджмент тармагы боюнча университеттер арасында олимпиада өткөрүлдү. Бул олимпиадага 12 университеттен келген тайпалар катышты. КТМУдан менеджмент бөлүмүнүн студенттери Бектемир Калмуратов, Назгүл Эралиева, Ализа Азимова жана Нурзия Абдуманапова жөндөмдүүлүктөрүн көрсөтүшүп, 2-орундун байгесин алып келишти.



# Ой кокуй, кызым каякта?

КАБАР: НИССА ЮСЕНАЛИЕВА

*10-февралда Таиланддагы эс алуудан кайткан Жухунбаевдердин үй-бүлөсү 7 жаштагы кызы Алинаны Казахстандагы Эл аралык Алматы аэропортунда унутуп таштап кетишкен. Арадан 3 саат өткөндөн кийин милиция кызматкерлеринен телефон аркылуу кызын аэропортто калганын билишкен. Кызын жоготуп, кайра аман-эсен колуна алышкан ата-эненин окуясына күбө бололу.*



Жухунбаевдердин үй-бүлөсү Казахстан менен Кыргызстан чектешкен Кордай шаарында жашашат. Үй-бүлөнүн атасы 37 жаштагы Жаныбек Жухунбаев өзү ачкан менчик юридикалык фирмада адвокат болуп иштейт. Келинчеги Валентина Жухунбаева да өзүнө таандык менчик балдар клиникасында педиатр болуп эмгектенет. Бул жаш жубайлардын ортосунда 1 жаштагы Миркарим аттуу уулу, 5 жаштагы Амира жана 7 жаштагы Алина аттуу кыздары бар.

### “Кызыбыздын кайда экенин суроо оюма дагы келбептир”

Акыркы учурларда бул жаш жубайлардын ортосунда бир катар түшүнбөстүктөр болуп келген. Ошентсе да, бул жубайлар балдарын кыя алышпай, чогуу түтүн булатып келатышкан. Ортодо солгундап бараткан мамилелери жанданабы деген үмүт менен алар кызы Алинаны ээрчитишип, Тайланддын Пхукет аралына эс алууга барышкан. 10-февралда эс алуудан кайткан жаш жубайлардын самолету Алматы эл аралык аэропортуна келип конот. Самолет конгондон кийин ата-эне багаждарын алып, ар бири өз унаасына отуруп, үйгө жөнөйт да. Атасы энеси менен кетти деп, энеси болсо, атасы менен дир деп ойлоп, кызды аэропортто унутуп кете беришкен экен. Уккандын баарын таң калтырган бул окуя тууралуу кыздын атасы Жаныбек төмөнкүлөрдү айтат: «Аэропортто чемодандарыбызды алуу үчүн жүк лифтине келдик. Ал жерде мен жубайымды таппай калдым. Себеби адам абдан көп болчу. Ар кимиси өз жүгүн алып, сыртка чыгып жатышкан. Аэропортко жубайым да, мен да жеке машинебиз менен келген элек. Бири-бирибизди таппай, ар бирибиз машинебизге түшүп кете берген элек. Мен машинага отурганда жубайыма чалып, анын аэропорттон чыгып кеткенин билдим. Кызымды жубайым менен чогуу кетти деп ойлогом. Ошондуктан, апасынан кызым тууралуу суроо оюма дагы келбептир».

### “Жашоомдогу эң коркунучтуу абалга туш болдум”

Кыздын апасы Валентина кызы атасы менен бирге деп ойлоп, аэропорттон чыгып кете берген. Аэропортто жалгыз калган жети жашар Алина корккондан ыйлап, терминал иматында ата-энесин издей баштайт. Аны көргөн милиция кызматкери Канат Давыдов кичинекей кызды милиция кеңсесине алып барат. Ыйлаган кызды сооротуп, тынчтандырган милиция кызматкерлери көп өтпөй, кыздын атасын издеп, анын телефон номерин табышат. Бирок ага канча телефон чалышканы менен, жооп ала алышпай убара болушат.

Үйгө жеткенде атасы кызы Алинанын апасы менен келбегенин көрөт. Жубайлардын ортосунда чатак чыгат. Ушинтип аялы менен чатакташып жатып, кыздын атасы милицияга кабар бергени телефонун алып, андан милиция кеңсесинен кайра-кайра чалышканын көрөт. Жаныбек Жухунбаев: «Ошол учурда кызымды жоготтук деп катуу коркуп, колдорум титиреп милицияга чалдым. Кызым Алина тууралуу жаман ойлобогонго аракет кылдым. Жашоомдогу эң коркунучтуу абалга туш болдум», - дейт.

Алинаны аман-эсен атасына алып барган милиция кызматкери Давыдов үй-бүлөлөрдүн балдарына абдан дыкат көңүл бурушу керектигин эскертет: «Үй-бүлөлөр балдарын дайыма жанында алып жүрүшү керек. Өзгөчө аэропорт сыяктуу эл көп болгон жайларда көз жаздымдан чыгарбашы керек. Алинаны аэропорттон тапканымда, ыйлап, абдан коркуп калган экен. Аны аман-эсен ата-энесинин колуна тапшырдык. Тилекке каршы, бардык жоголгон балдар Алина сыяктуу жолдуу боло бербейт».

### «Ошол окуядан кийин ажырашуу тууралуу пикирибиз өзгөрдү»

Кызын аман-эсен тапканына сүйүнгөн ата төмөнкүлөргө токтолду: «Бул окуядан чоң сабак алдым. Жубайым экөөбүз тең азыр ажырашуу тууралуу оюбуздан баш тарттык. Өзгөчө Алинанын стресске дагы кабылтпайлы, психологиясы бузулбасын деп, бул теманы убактылуу жаба туралы дедик», - деди.

*Жетиген – Орто Азия элдерине таандык, жыгачтан жасалган тизеге коюлуп бармак менен чалынган музыкалык аспап. Өткөн кылымдарда эл арасында абдан белгилүү болгон бул аспаптын азыркы учурда атын укkandar да аз. Убакыттын өтүшү менен унутула баштаган жетигендин тарыхы жана анын түрк элдери үчүн мааниси тууралуу Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин көркөм өнөр факультетинин музыкалык искусство бөлүмүнүн доценти, доктор Жусуп Айсаев менен баарлаштык.*

## УЛУТТУК АСПАП

# ЖЕТИГЕН



### Канундун атасы: Жетиген

Кыргыздарда жетиген деп аталган бул аспап түрк элинде "канун", казактарда "жетиген", ал эми хакас элинде "чатхан" деп аталат. Түрк дүйнөсүнүн орток байлыгы болуп саналган бул музыкалык аспаптын тарыхы тууралуу көптөгөн уламыштар айтылып келет. Бул уламыштардын арасында эң белгилүү болгон бирине токтолсок, жетиген Энесай кыргыздарынын улуттук музыкалык аспабы катары каралат. Бирок кыргыздардын көчмөн жашоосу 5 кг болгон мындай оор аспапты көчкөн жерлерге ташуусуна кыйынчылык жараткан. Ошол себептен колдонуудан чыгып, бул аспап убакыттын өтүшү менен унутула баштаган. Жетиген тууралуу өткөн замандарда жашап өткөн бир кары жана анын жети уулу жөнүндө уламыш да бар. Анда жети уулу тең согуш мезгилинде курман болгон карыя ар бир баласынын элесин чагылдыраган жети кылдан турган бир музыкалык аспап жасаганы баяндалат. Дагы бир уламыш жетигенге тиешелүү ар кандай маалыматтарды жазып жүргөн журналист Балбай Алагушевдин «Кылымдар мурасы» аттуу китебинде айтылат. Б. Алагушевдин китебинде жетиген 18-кылымда жашаган бир комузчунун колунан жасалган аспап деп берилет. Уламыштар ар кыл айтылса да, бул музыкалык аспап түрк тилдүү элдердин маданиятында Жетиген аты менен таанымал. Бул аспап чыгыш элдерине да белгилүү болгон. Мисалы, аны жапон тилинде «Кото», кытайча «Ше жана Син» деп аташат экен.

Доцент Ж. Айсаев бардык түрк тилдүү элдердин орток маданий мурасы болгон жетигендин имиджин жаратуу үчүн көп иштерди аткарып келатканын айтат. Жетигендин түрк тилдүү элдердин музыкасы үчүн абдан маанилүү орду барын баса белгилеген доцент Ж. Айсаев бул музыкалык аспаптын маданий мурас катары келечек муундарга таанытууну жана жеткирүүнү максат кылат. Ж. Айсаев канун жетигендин атасы, ошону менен катар ал экөөнүн ортосунда айырмачылык бар дейт: «Жетигендин канундан айырмасы транспозиция кейгөйү бар. Айрыкча, жетигенде 12-15ке чейин кылы болсо, канунда кылдын саны 75ке чейин барат". Азыркы учурда колдонулуп келе жаткан электрондук канун заман талабына ылайыкташтырылып жасалган. Ж. Айсаев жетигендин унутулуп баратышынын себебин кыргыз маданиятынын узак жылдар советтик идеологиянын басымы астында калгандыгы менен да байланыштырат. Анын айтымында, жетиген түрк элдеринин ичинен бир эле хакастар коргоп колдонуп келишет. «Бүгүн эгер эски музыкалык аспаптарды эсептеп чыга турган болсок, жетиген эч кимдин эсине деле келбейт», - дейт жок болуп бараткан маданий мурастын канчалык баалуу экендигин белгилеген Ж. Айсаев.

Жетигенди келечек муундарга жеткирүү максатында Ж. Айсаев эки башка жерде жетиген курстарын ачкан. Ал өзүнүн бул аспапка кантип таанышып калгандыгы тууралуу төмөнкүлөрдү токтолду: "2008-жылы Хакасияда өткөрүлгөн бир конференцияга катышып калдым. Ал жерде кыргыздардын улуттук аспаптары тууралуу семинар бердим. Атын чоң аталарымдан укканым болбосо, өзүм эч колдонуп көрбөгөн жетигенди көрүү мына ушул жерде насип кылды. Жетигенди көрүү менин бала кезимден берки кыялым болчу. Конференциядан кийин кесиптешим Сергей Чарков мага жетигенди белек кылды. Ошентип бул маданий мурасты Кыргызстанга алып келдим".

Хакас элинин тарыхында өзгөчө орду бар жетигенди хакас композитору Георгий Челбораков тыкыр изилдеген. Ал жетигенди изилдөөдө бир топ ноталарды кагаз бетине түшүргөн. Хакас элинин тарыхы аркылуу жетиген тууралуу бир катар маалымат алганын айткан доцент Ж. Айсаев: "Мурдакы убактарда аялдардын жетиген чертүүсүнө тыюу салынчу экен. Азыр андай чектөө жок. Аялдар да жетиген чалгысы келсе, үйрөнүүгө тыюу жок. Жетиген азыркы учурда хакастардын "Алыптыхнымах" аттуу тарыхый дастаны айтылып жатканда чертилет", - деди.



### Кыргыз маданиятына ылайыкташтырып кайрадан иштеп чыгуу аракети

Ж.Айсаев Хакасиядан кайткандан кийин Кыргызстанда бул аспапты жасаган жана анда ойногонду билген адамдарды издеп, бир катар кыйынчылыктарга туштугат: «Алгач эле Кыргызстандагы белгилүү устат Мирбек Манапбаевге бардым. Сибирдин кедр дарагынан жасалган бул аспапты Кыргызстанда кантип жана кайсы материалдан жасасак болору тууралуу сүйлөштүк. Акырында өрүк дарагынан жасалган аспаптардын жогору тондо жакшы үн чыгара турганын эске алып, жетигенди өрүк дарагынан жасоону чечтик. Бирок бул иш биз күткөндөн дагы көп убакытты алды. Алгачкы жетигендин жасалышы 1,5 жылга созулду. Биз аспаптан жагымдуу добуш чыгаруу үчүн абдан көп күн убара болуп иштедик».

Жетиген чыгарган добуш менен комуз чыгарган добуштун арасында гармония тууралуу доцент Ж. Айсаев: «Жетигендин кылдары темирден жасалгандыктан, анын үнү комуздун добушуна караганда бир аз жогору тондо чыгат. Ошондуктан, бардык кыргыз күүлөрүн комузда ойноо учурунда жетиген менен коштотсо, гармониялуу күү жаралат», - деди.

HABER: ЭРКАЙЫМ ТЕМИРБОЛОТОВА



## ЖАШ ЫРЧЫ

# СЫРГА САГЫНБЕКОВА

*Кыргыз-Түрк Манас университетинин (КТМУ) көркөм өнөр факультетинин музыкалык өнөр бөлүмүнүн 2017-жылкы бүтүрүүчүсү 25 жаштагы ырчы Сырга Сагынбекова чыгармачылык чыйырын КТМУнун Түрк дүйнөсү оркестринде солист катары баштаган. Ар түрдүү салтанаттарда өз өнөрүн элге тартуулап, талантын такшалтып жүргөн жаш ырчы 2018-жылы "Сезимдер жок" аттуу клибин күйөрмандарына тартуулады.*

### "Ырдасаң айыгып кетесиң"

Сырга үй-бүлөдө алты бир туугандын эң кичүүсү. Ал 1994-жылы Кыргызстандын Нарын облусунун Баэтов айылында туулган. Сырганын үй-бүлөсүндө музыка бөтөнчө орун ээлеген. Ал өзү бул туурасында мындай деп эскерет: "Үйдөгүлөрдүн көбү музыкага кызыгышчу. Бир тууган агам менен эжем музыкалык мектепти аяктагандыктан, комуз, фортепианодо ойношот. Чоң атам жана агаларым – комузчулар. Ушундан улам го, бала кезимде башым ооруганда, үйдөгүлөр "ыр ырдасаң, айыгып каласың" деп тамашалашчу. Ушундай музыкалык чөйрөдө чоңойгонумдан, ырчы болушума ата-энем эч каршы болушкан жок. Тескерисинче, колдоо көрсөтүштү".

### "Кыялымдагы дүйнө – ушул дедим"

Мектепти аяктап, окуу жай тандаш керек болгондо Сырга ички туюмунда келечегин ыр менен байланыштыргысы келип турун алганын айтат. Борборго келип, эки жогорку окуу жайдын ортосунда кайсынысын тандаарын билбей кыйналат. "Окууну бүтүп жатканымда музыка чөйрөсүндө жогорку билим алам деп такыр ойлогон эмесмин. Жүрөгүм канчалык музыканы сүйсө дагы, бул кесипти тандбайм го дечүмүн. Бишкектеги университеттердин биринде кытай тили жана адабияты факультетине өткөм. Бирок эжем "Манаска" тапшырып көр" дегенинен, бул окуу жайдын музыкалык өнөр бөлүмүнө тапшырып, кирүү сынагынын биринчи да, экинчи да турунан өтүп кеттим. Экинчи турга катышуу үчүн КТМУнун музыкалык өнөр бөлүмүнө келсем, бир киши комуз, экинчиси фортопиано ойноп жаткан экен. Ошондо жүрөгүм эңсеген "кыялымдагы дүйнө ушул дедим". Экинчи турда сынак комиссиясындагы окутуучуларга "акыл-эсим ырчы болбо" деп жатат дедим, анда алар мага: "жөндөмүң бар экен, музыкалык билим алышың керек" деп, окууга кабыл алышты. Үй-бүлөм менен кеңештим. Алар каршы болушкан жок. Ошентип, ырчылык өнөрдүн артынан түшүп окуп калдым. Ошентип, мен музыканы эмес, а музыка мени тандап алды десем болот".




### "Манаста студенттерге бардык мүмкүнчүлүктөр бар"

Жөндөмдүү адамдар өз чөйрөсүндө ийгиликке жетиши үчүн техникалык мүмкүнчүлүктөр өтө керек болгон учурда жашап жатабыз. "Манас" университетинде ошондой мүмкүнчүлүктөрдүн баары бар. "КТМУ студенттерге бардык мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берген. Студенттер бул мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, ийгилик гана жаратуусу керек. Музыкалык өнөр бөлүмүнүн алдындагы Түрк дүйнөсү оркестриндеги музыканттардын бардыгы өз кесибин мыкты билген адистер. 1-курстан баштап алар менен бирге ырдап жүрдүк. Биз үчүн бул чоң мүмкүнчүлүк эле. Атүгүл, 4-курста "Поп музыкалык топ" ачылган. Мындай мүмкүнчүлүк Кыргыз улуттук консерваториясында да жок. Мугалимдерибиз өз кесибинин мыктылары, алар бизге, студенттерге, ар тараптан колдоо көрсөтүп, колдон келген жардамын аяшчу эмес".

### Manas Awards эң мыкты ырчы сыйлыгы




Университетте окуп жүргөн кезинде Сырга активдүү студент болуп, эртеден кечке коопсуздук кызматкерлери кууп чыкмайынча окуу жайда калып, репетиция кылып, өнөрдүн артынан сая түшөт. Көздөгөн натыйжага жетмейинче, репетицияны уланта берчүмүн дейт өзү. Талыкпаган эмгегинин арты менен ал бүгүн өз эне тилинен тышкары түрк, англис, азербайджан, казак жана француз тилин билип, жалпысынан алты тилде сүйлөйт.

2017-жылы Сырга Manas Awards сынагында эң мыкты ырчы сыйлыгына ээ болот. Ал эми былтыр, 2018-жылы, "Сезимдер жок" аттуу клиби менен күйөрмандарынын жүрөгүнөн түнөк тапты. Жаш режиссер Баяман Осмоновдун жетекчилигинде тартылган бул клипке жалпысынан 2000 доллар сарпталып, 2018-жылы июль жана август айларында Ысык-Көл жана Бишкектин четиндеги жерлерде тартылган. Бул клип жаш ырчынын алгачкы клиби болгондуктан, бир топ кыйынчылыктар да болгон. Аба ырайынын бузулушу, көлдүн боз кыркаларында электр жарыгы жок тартуу иштерин жүрүзүү кыйла кыйынчылыктарды жараткан. Бирок ага карабай, клип толук тартылып бүтүп, ыр күйөрмандарына тартууланды.



Учурда Сырга Сагынбекова Зарлык Камбаралиев менен бирге жаңы дуэт жаздырып жаткан учуру. Жаш ырчы келечекте чет өлкөлөрдө өтө турган сынактарга катышып, Кыргызстандын атын чыгаргысы келет.

## Эстен чыккыс ырлары

# Аксуубай Атабаев

*Аксуубай Атабаев – кыргыз музыкасында эстен кеткис обондорду жараткан кыргыз эл артисти. «18 жаш», «Чагылган», «Тоолор», «Курбуларга» жана «Кыргыз жери» сыяктуу атагы чыккан ырлардын композитору. Анын обон жараткан ырларын Гүлнур Сатылганова, Гүлнара Кахарова, Гүлжигит Калыков, Жанетта Бобкова, Токтобек Асаналиев сыяктуу Кыргызстандын таанымал ырчылары ырдап жүрүшөт. А. Атабаев эл оозунан түшпөгөн, кыргыз музыка дүйнөсүнөн түнөк тапкан обондору менен тарыхта калды. Быйыл обончунун кайтыш болгонуна 8 жыл болуптур. Анын жаркын элесине эскерме катары ушул макалабызды окурмандарыбызга сунуш кылабыз.*

КАБАР: АЙГЕРИМ ТУРДАЛИЕВА



А. Атабаев 1943-жылы Ысык-Көл облусунун Ак-Булуң айылында жарык дүйнөгө келген. Апасынын толгоосу башталганда жакын жердеги төрөтканага жетише албай, Ак-Суу дарыясынын үстүндөгү көпүрөдө төрөлүп калат. Ошол себептен ата-энеси ага Аксуубай деп дарыянын атын ыйгарышат. Атабаевдин балалык кези Улуу Ата-Мекендик согуштан кийинки жакырчылык мезгилине туш келип, кыйын шарттарда чоңоёт. Бирок мындай кыйынчылыктар анын ичиндеги ырга болгон шыгын өчүрө алган эмес. Бала кезинен эле комуз менен жаңы обондорду жарата баштайт. Анын алгачкы устаты айылындагы обончу жана комузчу Ыбырай Туманов болгон. Андан комуз, аккардеондо ойногонду үйрөнөт. Устатынын жараткан обондорун созуп, ырга да ышкысы ойгонот.

А. Атабаевдин бала кезиндеги музыкага болгон ышкысы улам барган сайын күчөп, таланты такшала баштайт. 1960-жылы айылда мектепти бүтүргөндөн кийин ошол кездеги Фрунзе, азыркы Бишкек шаарына келет. Бишкектеги Муратаалы Куренкеев музыкалык окуу жайына сынак тапшырып, өтүп кетет. Атабаев бул жерде өзүнүн тубаса таланты менен көптөрдүн кызыгуусун арттырган. Ошол жылдар Атабаев үчүн абдан жемиштүү жылдар болгон. Анын студенттик кезде обонун жараткан «Курбулар» ыры ошол кездеги жаштардын маршына айланып кеткен.

### Ырдаба дешсе, обон чыгарып...

А. Атабаев музыкалык окуу жайын ийгиликтүү аяктагандан кийин аскерге кетет. Деңиз флотунда аскердик кызмат өтөө, Атабаевдин музыка карьерасындагы бурулуш болуп саналган. Ошол учурдагы Атабаевдин башынан өткөндөрү тууралуу анын байкесинин баласы Арал Атабаев төмөнкүчө эскерет: "Агам деңиз флотунда аскердик кызмат өтөп жүргөн учурунда оор дартка чалдыккан. Нымдуу жана суук абадан тапкан өпкө оорусунан улам, врачтар анын өпкөсүнүн бир жагын алып салышкан. Кесиби ырчы болгон адам үчүн бул, албетте, чоң көйгөй эле. Дарыгерлер анын мындан ары ырдабашын эскертишкенине карабай, ырдаганын уланта берген. Кийинчерээк оорусу кайрадан козголот. Ошентип, акыры айла жок дарыгерлердин айтканын аткарууга аргасыз болгон. Ырдай албай калган А. Атабаев музыкалык карьерасына чекит койбой, талант-ышкын обон жаратууга буруп, чыгармачылыгын ошентип обончу катары улантууга өтөт".

### Хитке айланган сүйүү ырларынын жаралышы

А. Атабаев 25 жашында Сайра деген ырчы кыз менен баш кошот. Экөө эки кыз жана бир уулдуу болушат. Бирок жазмыштын буйругу менен жубайлар ортодо үч балага карабай, ажырашып, эки башка жолго түшүшөт. Балдар Атабаевде калат. Чиедей балдарына аталык да, энелик да милдетти жалгыз башы менен көтөрүү обончуга үчүн жеңил болгон эмес. Бир жактан иштеп, бир жактан балдарына тамак жасап, кир-когун жууп, окууларын көзөмөлдөп, айтор түмөн түйшүк менен күн кечире баштайт. Турмуш-тиричиликтин бүтпөгөн майда-бараты мойнунан басып турган ушундай күндөрдө да ал обон жаратуунун үстүндө иштөөнү токтоткон эмес. Ал турсун, башынан өткөрүп жаткандары ага кайра илхам берген. Анын белгилүү "Шуулдаба теректерим", "Жашагым келет, жашагым" аттуу ырлары мына ушул кыйын кезеңде жаралган ырлар.

А. Атабаев балдары жана ырлары менен ушинтип күн өткөрүп жүрүп 10 жыл кандай өткөнүн өзү да билбей калат. Ушу он жылдан кийин гана ал кайрадан өзүнөн 7 жаш кичүү аялга үйлөнөт. Жаңы турмушу анын жеке жашоосунда да, музыка аалымында да жаңы бактын ачылышына себеп болгон. Жараткан обондорун да алгач жубайы Батмага угузуп сындаткан. Жаштык демиң менен сынынан өткөрчү деп тамашалап калчу экен жубайына жаңы обонун угузарда. Турмушунан жаңы чыгармачылык дем-күч алган А. Атабаев ошол учурларда сүйүү темасында эң сонун ырларга обон жаратат. Атабаевдин жубайына арналган сүйүү толгон "Кур бололу", "Арноо", "Асыл жарым" аттуу ырлары ошол мезгилде хит ырларга айланган.

### Баамчыл жетекчи

А. Атабаев 1970-1976-жылдары Кыргыз улуттук драма театрында композитор болуп эмгектенет. Иштеп жүрүп, окууга тапшырып, билимин да тереңдете баштайт. Ошентип, акыры 1979-жылы Бүбүсара Бейшеналиева атындагы Көркөм өнөр институтун бүтүрөт. Дипломун колуна алгандан кийин Токтогул атындагы кесиптик лицейде директор болуп иштей баштайт. Көп жылдар бою анын орун басары болуп иштеген Гүлсара Айдаркaнова белгилүү композитордун жетекчилик шыгы тууралуу төмөнкүлөргө токтолот: "Ал бир көргөндө эле, кимдин ким экендигин билип койгон жайы бар болчу. Бир күнү ишке алабыз дегенибизди угуп, бир нече адам бизге келип калды. Алардын арасынан бирөөнү гана тандап алмакпыз. Байкап көрүп, бирөөсүн тандап, аны жетекчим Аксуубай Атабаевге алып бардым. Ал мен тандаган кадрды жактырган жок, "мунуң жакшы иштеп бербейт" деди. Чын эле бир айдан кийин анын айтканы туура келди. Анын айтканы көпчүлүк учурда туура чыкчу. Абдан ишбилги жетекчи болчу. Бир катачылык жасап алган болсо, жетекчимин дебей, бизден кечирим сурачу. Кол алдындагылар менен мамилеси абдан жакшы болчу. Ал-ахвалыбызды, үй-бүлөбүздүн абалын дайыма сурап турчу".

### 5 мүнөттө жазылган "18 жаш"

А. Атабаев 2011-жылы инфарктан каза болгон. Анын акыркы айткан керээзи боюнча өзү туулуп-өскөн айыл Ак-Булуңга сөөгү коюлду. Талантту композитор 68 жылдык өмүрүндө эки жүздөн ашуун ыр жараткан. Ал кыргыз музыка дүйнөсүнө эбегейсиз чоң салым кошкон. А. Атабаевдин көзү өтсө дагы, анын жараткан обондору эл оозунан түшпөй аткарылып келатат. Ырчы Жанетта Бобкова 2010-жылы Испанияда өткөрүлгөн музыкалык эл аралык фестивалда А. Атабаевдин айтылуу "18 жаш" аттуу ыры менен 1-орунга ээ болгон. Кыргызстанда эң популярдуу ырлардын бири ушу "18 жаштын" текстинин жаралуу тарыхын ырдын автору Кемел Бакашов мындайча эскерет: "Бир күнү үйгө келсем, Аксуубай мени күтүп туруптур. "Мага бир ыр жазып бер, обонун чыгарайын" деди. Анын сөзүнө бир чети таң калып, бир чети тамашага салып, "сен айткан ырды жаза тургандай мен эмне 18 жаштагы жаш жигит белем" дедим. Ошентсем, ал күлүп, "дал менин оюмдагыны айттыңыз байке, дал ошол 18 жаш тууралуу ыр керек мага, жазып бериңиз" деп калды. Ошентип маңдайыма отуруп алды. Мен да шыр эле 5 мүнөттө ырдын текстин жазып бүтүрүп, колуна кармата салдым. Азыркы учурда улуу, кичүү муундун сүйүктүү ырына айланган "18 жаш" ыры мына ушинтип жаралган".



КАБАР: АСЕЛ САПАРБЕКОВА

## Ар кандай тагдырлар жолуккан жер:

# БАШ КАЛКАЛООЧУ ЖАЙЛАР

**Кай бири өмүрлүк жубайынан айрылып, жалгыз калган, кай биринин балдары таштап кеткен, айрымдары жаман адатынын айынан үйүнөн куулган... Айтор, бул жайга аларды кейиштүү тагдыр айдап келген. Бул жай – Бишкек шаарындагы үй-жайсыз калган адамдарга башпаанек болгон «Коломто» кайрымдуулук фонду.**

2018-жылы Кыргызстандагы бейөкмөт уюмдар тараткан маалыматтарга караганда, Бишкекте орто эсеп менен үй-жайсыз деп эсептелген адамдардын саны 3500 гө чукул. Ал эми алар баш калкалоочу Бишкекте болгону 4 жай бар. Булардын үчөө белгилүү гана убактарда, өзгөчө кыштын суук күндөрүндө кызмат көрсөтөт. «Коломто» деп аталган үчүнчүсү гана үзгүлтүксүз кызмат көрсөтүп келет. Бул кайрымдуулук фонду эч кимиси жок жалгыз жарым үй-жайы жок адамдарга жай берип, өз карамагына алат.

### «Коломто» баш калкалоочу жайы

1998-жылы ошол мезгилде премьер-министр болуп иштеп турган Апас Жумагуловдун колдоосу менен ачылган "Коломто" баш калкалоочу жайында азыркы учурда 65 киши жашап жатат. Кыштын суук күндөрүндө бул жакка келгендердин саны 120га чейин чыгат. Коломтодо жашагандар үчүн ысык тамак жана ден-соолук борбору сыяктуу кызматтар көрсөтүлөт. "Коломто" баш калкалоочу жайы берген мүмкүнчүлүктөр тууралуу бул жайда иштеген кызматкер Сатымкул Молдалиев төмөнкүлөргө токтолду: "Аталган жайга кабыл алуудан мурда биз келгендерди медициналык көзөмөлдөн өткөрөбүз. Ооруган адамдарды дарылатабыз. Фонд күндө эртең менен нанүштө жана түштө ысык тамакты өзү каржылайт. Кечки тамакка болсо, колдоо көрсөткөн адамдарыбыз, мечиттер менен медреселер жардам беришет. Майрам күндөрү жана кээ бир өзгөчө даталарда ар кандай иш-чараларды өткөрөбүз. Эл аралык Кызыл жарым ай коомдук фонду тарабынан берилген кийим-кечелер менен мекендештерибиз тарабынан топтолгон кийим-кечелерди бул жерде жашагандарга таратабыз. "Коломтого" келип түшкөн адамдар бул жайда үч айга чейин жашай алышат. Шарттарга карап бул мөөнөттү кээде узартабыз".

### "Эч кимге жүк болгум келген жок"

60 жаштагы пенсионер мугалим Анара Т. "Коломто" баш калкалоочу жайында жашагандардын бири. Бир жарым жылга жакын убакыттан бери бул жерде жашаган Анара көп жылдар бою мугалим болуп иштегенден кийин пенсияга чыгат. Пенсияга чыккандан кийин өтү ооруга кабылат. Карай турган эч кимиси болбогон соң, аргасыз "Коломто" баш калкалоочу жайына келет. Анара бул жайда кантип келип калганын төмөнкүчө эскерет: "Өзүм азыр 60 жаштамын. Көп нерсе өттү баштан. Тагдырга айла жок экен, ушул жерге келип баш калкалоого аргасыз болуп кладым. Иштен чыккандан кийин ооруга чалдыктым. Абалым оор болчу. Бир уулум бар, бирок ал да туруктуу иши жок кыйналып жашайт. Туугандарыма дагы жүк болгум келген жок. Кесиптештеримдин бири көчөдө калгандан көрө баш калкалоочу жайга барбайчыңбы деген кеңешин айтып калды. Ошентип, эч кимге ашка жүк, башка жүк болгум келбегиндиктен, бул жерге келип жашай баштадым".

### "Эч ким өз үйүн, үй-бүлөсүн таштап бул жерге келбейт"

Анара эже "Коломто" баш калкалоочу жайында шарттар жакшы экендигин, ага жакшы көңүл буруп жатышкандыгын айтат. Анын айтымында, баш калкалоочу жайда орто эсеп менен 70 адам жашайт. Бул жердеги тагдырлаштары тууралуу ал төмөнкүлөргө токтолду: "Бул жерде жашагандардын баарынын башынан ар кандай тагдырлар өткөн. Эч ким өз үйүн, үй-бүлөсүн жана жакындарын таштап бул жерге келбейт. Бул жерде ичкиликке берилип кеткен жаштар да кездешет. Эне катары аларга ичим ачышат. Жапжаш жигиттер, ташты талкаласа, талканын чыгара турган кездери. Ден-соолуктары да чың. Иштей турган мезгилдери. Өздөрүнө да жакшы жашоо шартын түзүп, мамлекетке да, элине да пайдасы тийиши керек кездери..."

### "Өз үйүмдөн кубалашты"

Үч айдан бери "Коломто" баш калкалоочу жайында жашаган 66 жаштагы Владимир Ш. атеросклероз оорусу менен жабыркайт. Мындан үч ай мурда операция болгон. Владимирдин бир уулу жана бир кызы бар. Балдарынын экөө үйлөнүп-жайланып калышкан. Владимир операция болгондон кийин ага караган эч ким болбой, аргасыз ушул баш калкалоочу жайга келген. Ал башынан өткөндөрү тууралуу мындайча баяндап отурду: "19-февралда операция болгондон кийин бир топ убакыт ооруканада жаттым. Ооруканадан чыккан учурда ал жерден берилген оорулуу тууралуу көчүрмөдөгү жазууну көрүп абдан жаман абалда калдым. Анткени ал жердеги адреси деген жерде үйсүз деп жазылып турган болчу. Бул кейиштүү абал эле. Ошентип бир аз убакыт кызымдын үйүндө турдум. Андан кийин операциядан мурда уулума үйүмдү өткөрүп бергендигимден, ошол үйгө, өзүмдүн үйүмө келдим. Бирок өз үйүмө батпадым. Келиним көп тамак жейсиң деп менден дайыма заарканып турар эле. Мен оорулуу карыган адаммын. Канчалык тамак жей алмак элем? Операция болгондон кийин оорулуу кишини карагылары келбеди. Өз үйүмдөн кубалап чыгышты. Ошентип 3 айдан бери "Коломтодо" жашап келем".

### "Ушул абалга келүүмө өзүм күнөөлүүмүн"

"Коломто" баш калкалоочу жайындагы дагы бир окуя 56 жаштагы Алманбет С. тууралуу. Алманбет жаш кезинде чалгынчы болуп иштептир. Көп жылдар бою кандайдыр бир окуялар болгондо чалгынчылык кылып, анык болбогон маалыматтарды ачыкка чыгарчу экен. Жашоосу өзү ойлогондой жакшы эле болгон. Бирок кууралган ичкиликтин айынан ушул жерге баш калкалоого аргасыз болгон. Анын айтымында жакын туугандары менен да араздашкан маселелери бар. Ошондон уламбы Алманбет бизге буларды сүйлөп отурду: "Адам ар күндүн атышын ден-соолугу чың, санаасыз тосуп алганына миң жолу шүгүр кылыш керек. Эч качан бири-бирин күнөөлөбөш керек, бири-бирине толеранттуу мамиле кылышты билиши керек. Жашоомдо мен жолуккан маселелер үчүн дайыма өзүм күнөөлүүмүн деп эсептейм. Бүгүн бул жерде болгонума да өзүм күнөөлүүмүн. Башымдан өткөргөн кыйынчылыктарды жеңүү үчүн аракет кылуунун ордуна аракка берилип кеттим. Ошол себептен эки уулум менден баш тартты. Мен өзүмдү колго алуунун ордуна, аларды артка мага боор ооруп кайрылар деп өзүмдү байкуш көрсөткүм келип, кайра күчөп ичкилик ичтим. Бирок, болбоду. Бардык нерсе үчүн абдан өкүнөм. Азыр өткөн турмушумда жоготкондорумду эстеп ичим ачышат. Ойлоном, өкүнөм. Бирок арга жок. Ушинтип "Коломтодо" күн кечирип калдым".

# “Жоогазында” Коммуникация факультети бардык категорияларда сыйлыкка ээ болду

***III Жоогазын коом менен байланыш жана реклама боюнча улуттук фестивалда Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин (КТМУ) коммуникация факультети ондон ашык сыйлыкка ээ болду.***

**КАБАР: МЕДИА МАНАС**
**ФОТО: ӨМЕР КҮФРЕВИ**



Кыргызстандын окуу жайларында журналистика багытында билим алып жаткан бардык студенттердин кесиптик ишине көмөкчү болуп, студенттердин өз ара байланышын чыңдоону көздөгөн III Жоогазын коом менен байланыш жана реклама боюнча улуттук фестивалы 28-29 мартта Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинде болуп өттү.

Үчүнчү жолу уюштурулуп жаткан бул фестивалда практикада орун алган заманбап трендддер, визуалдык коммуникация жана жарнама, заманбап медиа системаларынын алкагында коом менен байланыш, реклама жана журналистика боюнча категорияларда мелдеш жүрдү. Фестивалда КТМУнун коммуникация факультетинин коом менен байланыш жана реклама бөлүмүнүн студенттери 3 биринчи, 5 экинчи орунга ээ болушту. 4-курстун студенттери Самара Эсенбаева жана Айсана Касымова “Презентация” категориясында 2-орунга, магистрдик бөлүмдүн студенти Зеки Окйай 3-орунга, 2-курстун студенттери Алина Нурбекова, Айжамал Муктарбекова жана Алина Жумагулова “Билим сынагы” категориясында 2-орунга, ошондой эле “Манас” университетинин тобу “Компанияны пландоо” категориясында 3-орунга татышты.




# Карылар үйүндө 8-Март майрамы куттукталды

***Кыргыз-Түрк Манас университетинин (КТМУ) көркөм өнөр факультетинин музыкалык өнөр бөлүмүнүн окутуучулары жана студенттери 8-Март аялдардын эл аралык майрамына карата карылар үйүнүн жашоочуларына чакан концерттик программасын тартуулап кайтышты.***

**КАБАР: ФАРИДА КАЧЫБЕКОВА**
**ФОТО: ФАРИДА КАЧЫБЕКОВА**



2019-жылдын 7-мартында Бишкектеги Абай көчөсүндө жайгашкан карылар үйүндө майрамдык маанай, шаң-шөкөт жаңырды.

Бул иш-чараны уюштурууучулардын бири Музыка өнөрү бөлүмүнүн окутуучусу Айша Саралаева карыяларды куттуктап: “8-Март аялдардын эл аралык күнү менен куттуктайбыз. Эгер силер кубанып, жылмайсаңар, биз да кубанычка бөлөнөбүз. Бүгүнкү күндүн күнөөкөрлөрү жана баатырлары силерсиңер. Студенттерибиз менен бирге даярдаган программа силерге жагат деп үмүттөнөбүз“, - деди.

Концерттик программада студенттер ыр ырдап, комуз чертип, карылар үйүнүн жашоочулары менен бирге бийлешти. Кыргыз элинин белгилүү опера ырчысы, “Манас” университетинин окутуучусу Керимкул Орузбаев ырдады. Ошондой эле “Сүйүү жазы” ыры гитара менен ырдалып карылардын көңүлүн ачты.

Бир сааттай убакытка созулган майрамдык концерттин соңунда карылар окуу жайыбыздын студенттери, окутуучулары менен эстеликке сүрөткө түшүштү.



# Коммуникация факультетине эл аралык “Кар” кинофестивалынан сыйлык

***Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин коммуникация факультети Түркиядагы Ататүрк университети тарабынан уюштурулган XV Эл аралык «Кар" кинофестивалында сыйлыкка ээ болду.***



Аталган кинофестиваль студенттердин жаңы технологияларга болгон кызыгуусун арттыруу максатында уюштурулуп келет. Кыска метраждуу тасмалар бөлүмүндө катышуучулар көркөм, даректүү, анимация, эксперименталдык, коомдук чакырыктар багытында ат салышкан.

Бул конкурста окуу жайыбыздын коомчулук менен байланыш жана реклама бөлүмүнүн 3-курсунун студенти Айсулуу Сейитбек кызы «Korsan косметикасын колдонбо! Ден соолукка зыян» аттуу долбоору менен экинчи орунга татыктуу болду. Айсулуу даярдаган материалы менен Korsan косметикалык каражатарынын ден соолукка тийгизген терс таасирлерин белгилеген.

Сыйлыктар ээлерине 20-22-март күндөрү Эрзурум Ататүрк университетинде өткөн кинофестивалда тапшырылды.

............

**КАБАР: МЕДИА МАНАС**
**ФОТО: ӨМЕР КУФРЕВИ**

# Жаш журналисттер конкурсунан коммуникация факультетине сыйлык

***Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин коммуникация факультетинин студенти КР Өкмөтү тарабынан уюштурулган «Жаш журналисттер» конкурсунда сыйлыкка ээ болду.***

............

**КАБАР: МЕДИА МАНАС**
**ФОТО: ӨМЕР КУФРЕВИ**



Коомдук ишмер Роза Даутованын элесине арналып, 2018-жылдын сентябрь-декабрь аралыгында өткөрүлгөн Жаш журналисттер арасындагы кароо сынакта окуу жайыбыздын журналистика бөлүмүнүн 2-курсунун студенти Самира Шарипова «kyrgyztoday.org» интернет-порталында 2018-жылдын 5-декабрында жарыяланган «Үйлөнүү оңой, бирок үй-бүлө куруу кыйын» аталышындагы макаласы менен 3-орунду ээледи.

2019-жылдын 6-мартында КР Өкмөт үйүндө өткөн сыйлык тапшыруу аземинде сөз сүйлөгөн С. Шарипова: "Ушул убакытка чейин 3-орунду алгандыгымды биле элек болчум. Ушул жерге келип, анан билип отурам. Кубанычымда чек жок. Бизге дайыма колдоо көрсөткөн бардык мугалимдерибизге терең ыраазычылык билдирем", - деди.

Сунушталган эмгектерди талкуулоонун жыйынтыгы боюнча Сынактык комиссиянын мүчөлөрү тарабынан 1-орунду окуу жайыбыздын бүтүрүүчүсү, «Азаттык» радиосунун журналисти, маркум Улан Эгизбаевге ыйгаруу чечими чыгарылган.

2-орунга Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия (Славян) университетинин гуманитардык факультетинин 3-курсунун студенти Мажид Османов 2018-жылдын 6-декабрында «АКИpress» интернет-порталында жарыяланган «Күчтүү жарандык коом жана көз карандысыз журналистика – алдыга жылуу үчүн зарыл нерселер» деп аталган макаласы үчүн ээ болду.

Аталган сынак социалдык көйгөйлөргө көңүл буруу жана жаш журналисттерге колдоо көрсөтүп сапаттуу публицистикалык иштердин жаралуусуна салым кошуу максатында уюштурулуп келет.

# "Апокалипсис"

*Гулиза Эрмекова*

**Бишкек/ Кыргызстан**



# "Катардагы бир күн"

*Гулиза Эрмекова*

**Бишкек/ Кыргызстан**



# "Достор"

*Азамат Кадыров*

**Бишкек/ Кыргызстан**




• КТМУнун атынан газит ээси
Ректор, проф. док. Себахаттин Балжы
Биринчи проректор, проф. док. Асылбек Кулмырзаев

• Башкы редактор
Проф. док. Хамза Чакыр

• Басма сөз координатору
Доц. док. Аслы Юрдигул

• Жооптуу редактор
Улук окутуучу, док. Гүлзада Станалиева

• Котормочулар
Кенже илимий кызматкер док. Топчугул Нармаматова
Кенже илимий кызматкер док. Венера Наринова

• Редакторлор
Кенже илимий кызматкер Бану Эрдоган Чакар
Кенже илимий кызматкер Зеки Окйай

• Дизайнер
Равшан Абдуллаев

• Дареги
КТМУ Коммуникация факультети, Жал студенттик кампусу, Бишкек
Тел: +996 312 492756/1164